**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК
КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ
НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

_04.02.2014г._№ _24_ г.Бишкек ш.

## “Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаттары жана төш белгилери менен сыйлоо жөнүндө

Экономиканын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкондугу, бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптанышына жигердүү катышкандыгы жана салык мыйзамдарын ак ниети менен аткаргандыгы үчүн, **буйрук кылам:**

1. 2013-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жетишилген натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөр деп табылсын жана тиркемеге ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын “Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаты жана төш белгиси тапшырылсын.
2. Уюштуруу иштери жана контролдоо бөлүмү (Б.С.Каримова) сыйлана турган салык төлөөчүлөргө өз убагында чакыруу жиберсин жана алардын 2014-жылдын 10-февралында боло турган Мамлекеттик салык кызматынын коллегиясынын отурумуна катышууларын камсыз кылсын.
3. Сатып алуулар жана чарбалык камсыздоо боюнча сектору (А.Б.Дүйшеев) тиркемеге ылайык, мыкты салык төлөөчүлөрдүн сертификаттарын жана төш белгилерин даярдасын.
4. Маалыматтык технологиялар башкармалыгы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын WEB-сайтына жайгаштырсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары К.А.Кумашовго жүктөлсүн.

**Төрага** **И.А.Масалиев**

**Киргизилди:**

| | |
|---|---|
| Уюштуруу иштери жана контролдоо бөлүмүнүн начальниги | Б.С.Каримова |

**Макулдашылды:**

| | |
|---|---|
| Статс - катчы | З.Б.Осмонов |
| Төраганын орун басары | Р.Ш.Айдралиева |
| Төраганын орун басары | К.А.Кумашов |
| Төраганын орун басары | О.А.Абдыкаимов |
| Укуктук колдоо бөлүмүнүн начальниги | Карагул уулу Жакып |

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Мамлекеттик салык кызматынын
“__04__” _02____ 2014-жыл, №__24__
буйругуна тиркеме

**2013-жылдын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча**
**мыкты салык төлөөчүлөрдүн тизмеси**

| № к/н | Салык төлөөчүнүн аталышы | Жетекчисинин аты-жөнү | Региондун аталышы |
|---|---|---|---|
| **Өндүрүш чөйрөсүнөн** | | | |
| 1. | «Түштүк курулуш материалдар комбинаты» ЖЧКсы | Давлетов Н. | Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы (Түштүк) |
| 2. | «СМУтт» ЖЧКсы | Кожомкулова Айгуль Нурдиновна | Чыгыш аймактар аралык башкармалыгы (Каракол ш.) |
| 3. | «NFC in Kyrgystan» (Кыргызстандагы Эн Фи Си) ЖЧКсы | Чжан Вейго | Бишкек ш. (Свердлов району) |
| 4 | «Империя Групп» ЖЧКсы | Сарсейитов Исланбек Зайырбекович | Түштүк аймактар аралык башкармалыгы (Кара- Көл ш.) |
| **Айыл чарба чөйрөсүнөн** | | | |
| 5. | «Ветка» айыл чарба кооперативи | Орел Борис Абрамович | Түндүк аймактар аралык башкармалыгы (Аламүдүн району) |
| **Соода жана тейлөө чөйрөсүнөн** | | | |
| 6. | «ГазпромНефтьАзия» ЖЧКсы | Абилдаев Болот Ералханович | Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 7. | «Инкор Медиа» ЖЧКсы | Молдобекова Г.К. | Бишкек ш. (Биринчи Май району) |